УДК: 82.0

*Абдыкеримова А.Э., фил. илим. доктору, проф., E-mail: aaida1973@mail.ru*
*Керимжанова А., магистрант, E-mail: alinakarakol@gmail.com*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# Э.ТУРСУНОВДУН «АТА-ЖУРТ» РОМАНЫ – КЫРГЫЗ ТАРЫХЫЙ РОМАНИСТИКАСЫНДАГЫ ОЛУТТУУ КӨРҮНҮШ

*Макалада кыргыз адабиятындагы тарыхый романистика жанрынын өнүгүшү, ага кедерги жана өбөлгө болгон факторлор, андагы эки толкун тууралуу кеп болот. Совет доорунда элдин өз тарыхына, «тамырына» кайрылуусу улутчулдук катары бааланып, ага арналган тарыхый чыгармалар идеологиялык куугунтукка алынып келгени белгилүү. Улуттун өткөнүн, улуттук аң-сезимди, улуттун ар кайсы доорлордогу чыгаан өкүлдөрүн көркөм формада ачык-айкын чагылдырып берүүгө совет идеологиясы жана соцреализм методу уруксат бербей келиши элибиздин улуттук аң-сезими менен эс-тутумунда боштукту жарата баштаган. XX кылымдын 70-жылдарында Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба», К.Акматовдун «Мезгил» романдары менен кыргыз адабиятындагы жогоруда айтылган боштукту, болгондо да, үстүртөн таңууланып, жасалма жол менен пайда болгон боштукту толтуруу аракеттери башталган.*

*XX кылымдын 90-жылдарынын башынан тартып кыргыз адабиятында тарыхый тематикага кызыгуунун экинчи толкуну пайда болду. Мындай эстетикалык кыймыл кыргыз адабиятына тарыхый романдын ар кандай түрлөрүн алып келди. Алардын бири – Эрнис Турсуновдун «Ата-Журт» романы. Бул роман 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн алдындагы жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз элинин, өзгөчө, түндүк кыргыздарынын тагдыры, коомдун ошол мезгилдеги саясий-социалдык жана экономикалык абалы, тагдыры аталган тарыхый доордун контексти менен байланыштуу болгон айрым тарыхый жана тарыхый эмес, көркөм ойдон жаралган каармандардын өмүр-тагдырлары менен иш-аракеттерин көркөм сүрөттөөгө арналган.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *жанр, тарыхый роман, тарыхый романистика, советтик идеология, соцреализм, «Ата-Журт», тематика, улуттук-боштондук көтөрүлүшү, Үркүн.*

*Абдыкеримова А.Э., доктор фил. наук, проф., e-mail: aaida1973@mail.ru*
*Керимжанова А., магистрант, e-mail: alinakarakol@gmail.com*
*ИГУ им. К.Тыныстанова*

# РОМАН “ОТЧИЗНА” Э.ТУРСУНОВА – ЗНАЧИТЕЛЬНОЕ ЯВЛЕНИЕ В КЫРГЫЗСКОЙ ИСТОРИЧЕСКОЙ РОМАНИСТИКЕ

*В статье дается краткий экскурс развития жанра исторической романистики в кыргызской литературе, указаны факторы, которые способствовали и препятствовали его развитию, две волны в ее развитии. Известно, что в советское время обращение народа к своему прошлому, к «корням» расценивалось как национализм, и произведения, посвященные этой теме, подвергались идеологическому преследованию. Советская идеология и метод соцреализма не позволяли в художественной форме открыто изображать прошлое нации, национальное самосознание, выдающихся личностей нации это привело к пустоте в национальном сознании и национальной памяти. В 70-гг. XX века романами «Сломанный меч» Т.Касымбекова, «Голубой стяг» Т.Сыдыкбекова, «Время» К. Акматова начались попытки восполнить навязанную сверху, искусственную пустоту в кыргызской литературе.*

*Начиная с 90-х годов XX века началась вторая волна интереса к исторической тематике в кыргызской литературе. Такое эстетическое движение принесло в кыргызскую литературу разнообразие исторических романов. Один из них – роман «Отчизна» Эрниса Турсунова. Этот роман посвящен художественному изображению судьбы кыргызского народа, особенно, северных кыргызов перед национально-освободительным движением 1916 года и после него, социально-*

*политического и экономического состояния общества в то время, жизни исторических и вымышленных героев, чьи судьбы тесно переплетены с контекстом данной исторической эпохи.*
***Ключевые слова:*** *жанр, исторический роман, историческая романистика, советская идеология, соцреализм, «Ата-Журт», тематика, национально-освободительное восстание, Уркун.*

*Abdykerimova A.E., Doctor of Philology, Professor, e-mail: aaida1973@mail.ru*
*Kerimzhanova A., master student, e-mail: alinakarakol@gmail.com*
*IKSU named after K.Tynystanov*

# THE NOVEL "FATHERLAND" BY E. TURSUNOV IS A SIGNIFICANT PHENOMENON IN THE KYRGYZ HISTORICAL ROMANCE STUDIES

*The article gives a brief overview into the development of the genre of historical romanticism in Kyrgyz literature, indicates the factors that contributed to and hindered its development, two waves in its development. It is known that in Soviet times people's appeal to their past, to their "roots" was regarded as nationalism, and works devoted to this topic were subjected to ideological persecution. Soviet ideology and the method of social realism did not allow for the open portrayal of the nation's past, national consciousness, and outstanding personalities of the nation in an artistic form; this led to a void in national consciousness and national memory. In the 70th of the twentieth century, the novels "Broken Sword" by T. Kasymbekov, "Blue flag" by T. Sydykbekov, "Time" by K. Akmatov began attempts to fill the artificial emptiness in Kyrgyz literature imposed from above.*

*Beginning with the 90s of the twentieth century, a second wave of interest in historical themes in Kyrgyz literature began. This aesthetic movement brought a variety of historical novels to Kyrgyz literature. One of them is the novel "Fatherland" by Ernis Tursunov. This novel is dedicated to an artistic representation of the fate of the Kyrgyz people, especially the northern Kyrgyz before and after the national liberation movement of 1916, the social, political and economic state of society at that time, the lives of historical and fictional heroes whose fates are closely intertwined with the context of this historical epoch.*
***Key words:*** *genre, historical novel, historical romanticism, Soviet ideology, social realism, "Ata-Jurt", theme, national liberation uprising, Urkun.*

Совет доорунда 70 жылдан ашуун мезгил элдин өз тарыхына, «тамырына» кайрылуусу улутчулдук катары бааланып, ага арналган тарыхый чыгармалар идеологиялык куугунтукка алынып келгени белгилүү. Бирок мындай көрүнүш чексиз созула бериши мүмкүн эмес болчу, ага «кекчил» жана «тараза» мезгил жол бермек эмес. Учурунда «феодалчыл», «эскини көксөгөн», «зыяндуу» чыгармалар катары сыпатталып, өз доорундагы адабий жана саясий-идеологиялык цензурадан өтө албай калган бир катар чыгармалар менен андай көркөм туундулары үчүн көрүнө да, көмүскө да азап чеккен авторлоруна бүгүнкү күндө башкача көз караштан баа берилип келүүдө. Улуттун өткөнүн, улуттук аң-сезимди, улуттун ар кайсы доорлордогу чыгаан өкүлдөрүн, дегеле, улутубуздун «мендигин» көркөм формада ачык-айкын чагылдырып берүүгө совет идеологиясы жана анын адабият-искусстводогу куралы болгон социалисттик реализм методу уруксат бербей келиши элибиздин улуттук аң-сезими менен эс-тутумунда боштукту жарата баштаган. Бактыга жараша, мына ушул боштукту толтуруу зарылдыгын кыргыз адабияты XX кылымдын 70-жылдарынан тартып сезе баштады. Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба», К.Акматовдун «Мезгил» жана Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романдары менен кыргыз адабиятындагы жогоруда айтылган боштуктун, болгондо да, үстүртөн таңууланып, жасалма жол менен пайда болгон боштуктун кенемтесин толтуруу аракеттери башталган. Дагы эле адабиятка ондогон жылдар бою созулуп келген басым-кысымдын салмагы сезилип, аталган чыгармалардын (Ч.Айтматовдун романынан башкалары) тагдыры бир топ татаал болгону белгилүү. Өз мезгилинде «Сынган кылыч» да, «Көк асаба» да, «Мезгил» да адилети азыраак, адилетсиздиги арбыныраак айып-сындарга туш болуп, авторлоруна бир топ түйшүк

жаратышкан эле. Ал чыгармалардын «айыбы» эле – элдин өткөндөгү тарыхына тереңирээк сүңгүп кеткени, тарыхтын тигил же бул учурунда болгон окуяларды жымсалдап-коздобой, жеңилдетпей, болгонун болгондой реалисттик-натуралисттик планда сүрөттөп берип койгону. Бирок, акыры келип, аталган чыгармалардын тагдыры оңунан чечилип, тиешелүү баа-баркын алганы жалпы эле кыргыз адабиятынын, анын ичинде проза жанрынын жеңиши жана бир баскычка өөдөлөөсү болгон. Анткени дал ушул чыгармалар элдин байыркы доорлордогу, өткөн кылымдардагы жана жакынкы эле мезгилдердеги тарыхына болгон кызыгууну ойготту. Адабиятчы-сынчы О.Ибраимовдун пикиринде, Т.Сыдыкбеков менен Т.Касымбековдун чыгармалары кыргыз тарыхый романистикасынын калыптануусуна негиз түзгөн [6: 158]. Анткени алардан кийин окурмандардын приоритеттери да өзгөрүлүп, тарыхый тематика кызыгуунун да, кызуу талкуулардын да предметине айланды. Ошондуктан улам барган сайын сюжеттик-мазмундук негизин тигил же бул тарыхый доор-мезгилдер, окуялар, инсандардын тагдыры менен иш-аракеттерин баяндоо түзгөн тарыхый пландагы чыгармалар арбын жазыла баштаганы өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп чыга келет.

Өзгөчө, XX кылымдын 80-жылдарынын акыры–90-жылдарынын башынан тартып кыргыз адабиятында тарыхый тематикага кызыгуунун жаңы толкуну пайда болду. Мындай эстетикалык кыймыл өзүнүн оош-кыйыштары, коомдук өзгөрүүдөн келип чыккан обьективдүү жана субьективдүү карама-каршылыктары менен кыргыз адабиятына тарыхый романдын ар кандай түрлөрүн алып келди. Белгилүү адабиятчы-сынчы К.Асаналиевдин пикирине таянуу менен, «… мурдагы «саясий тордон» кутулган улуттук адабият «чоң үй-бүлөдөн чыгып», «туюкка», өз коломтосунун айлампасына келип капталганда, … «улуттук колорит» деп аталган эстетикалык принцип түздөн-түз күтүлбөгөндөй күчүнө кирип, магдыроодо жаткан «экинчи демин» ойготуп, …тарыхый тематика өзүнөн-өзү чыгармачылыктын авансценасына көтөрүлүп чыкканын» [2] айта алабыз.

Дегинкиси, Т.Касымбековдун «Сынган кылычы» менен Т.Сыдыкбековдун «Көк асабасы» тарыхый пландагы чыгармалардын жаралышынын эки толкунуна өзгөчө таасир берген. Биринчи толкундун таасири менен жаралган чыгармаларга Ө.Даникеевдин «Көз ирмемдеги өмүр» (1981), Ш.Бейшеналиевдин «Болот калем» (1981, 1984), К. Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы» (1982), «Ыйык жер» (1985), Т.Касымбековдун «Келкел» (1986), Э.Медербековдун «Кызыл жалын» (1987) жана Э.Турсуновдун «Ата Журт» (1989) романдарын киргизүүгө болот.

Ал эми экинчи толкун күчтүүрөөк чыккан. Ал 90-жылдардан бери жазылган чыгармаларды кучагына камтыйт. XX кылымдын 90-жылдарында, тагыраак, өткөөл мезгилде кыргыз коомунда катаал экономикалык да, саясий-социалдык да, рухий да кризис өкүм сүргөнүнө карабастан, тарыхый тематикага кызыгуу тенденциясы азайбастан, тескерисинче, күч алган. Анткени улуттук тарыхтын «ак тактары» маселеси илимий жана чыгармачылык чөйрөлөрдө кызуу талкуулардын обьектисине айланган эле. Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун маңкуртчулук тууралуу метафорасы коомчулук тарабынан адекваттуу кабылданып, ага чейин советтик идеологиялык басым-кысымдан көптөгөн тарыхый окуялар менен инсандарды сөзгө албай коюу менен, тарыхый жана маданий эс-тутумду жоготуп бараткныбыз моюнга алынган эле. Ошондуктан тарыхка, тарыхтын түйүндүү окуяларына, өткөндүн чыгаан инсандарынын өмүр-тагдыры менен ишмердигине кайрылуу активдешкен. Бул тууралуу адабиятчы-сынчы К. Асаналиев төмөнкүдөй пикирин айткан: «Бул доордо тарыхый романдын бийлиги күчтүү болду, саясаттын тили менен айтканда, гегемон болуп тарых чыкты. Бул түшүнүктүү: биздин доордо өткөндү, улуттун тарыхын илимий жактан да, чыгармачыл жактан да кайра кароонун курч зарылдыгы туулду. Бул зарылдык, албетте, совет мезгилинен бери келаткан боштукту толтурууга умтулуудан келип чыкты. Азыр мурдагыдай чектөө, тыюу салуу жок, эч ким «кокуйлап» чыкпайт. Бул – биринчиден. Экинчиден, мыйзамдуу түрдө, конституциялык жол менен келген көз

карандысыздык акын-жазуучулардын колуна чыгармачылык эркиндиктин мандатын, мурда «жабык» болуп келген темалар менен идеялардын ачкычын берди» [2].

Мына ушул процесстин натыйжасында 2-толкунду түзгөн чыгармалар, атап айтканда, С.Жусуевдин «Курманжан датка» (1994), «Исхак Раззаков» (2001), Э.Турсуновдун «Балбай» (2002), «Боромбай» (2004), Т.Касымбековдун «Баскын» (2000), «Кыргын» (2004), С.Станалиевдин «Касым Тыныстанов: Чагылгандын көз жашы» (2001), Ж.Токтоналиевдин «Хан Ормон» (2000), «Шабдан баатыр» (2006), Ж.Егембердиевдин «Канат-хан» (2006), Р.Абдиевдин «Алай закымдары» (2005), К.Бакиевдин «Дарыялар жайыкта кошулушат» (2002), А.Стамовдун «Хан-Тейиш» (2010) ж.б. романдары окурмандарга тартууланды.

Булардын ичинен 1-толкунда жаралган тарыхый пландагы чыгармалардын басымдуу бөлүгү боюнча пикирлер айтылып, изилдөөлөр жүргүзүлүп келе жатат. Арийне, системалуу иликтөө обьектиси болгондору да бар, тигил же бул аспектиси боюнча кеп козголуп, фрагментардуу иликтөөгө алынып келе жаткандары да бар. Ошентсе да аталган чыгармалардын ичинен Э.Турсуновдун «Ата Журт» романы көпчүлүк адабиятчы-сынчылардын назарынан, салыштырмалуу алганда, сыртта калгандай сезилет. Анткени бул роман боюнча белгилүү адабиятчы-сынчы К.Асаналиевдин рецензиясынан [4], К.Сыдыкованын романдын китебине жазылган кириш сөзүнөн [10], адабиятчы А.Садыковдун чыгармадагы айрым каармандардын образдарын талдоого алган эмгегинен [9] жана Ү. Култаеванын монографиясында [7] азын-оолак токтолуп кеткен обзордук сыпаттамасынан башка олуттуу материал таба алган жокпуз.

Окурман журтчулугу менен адабий чөйрөгө өзүн таланттуу акын, котормочу, драматург, прозаик катары тааныта алган көп кырдуу калемгер Э.Турсуновдун «Ата Журт» романынын 1-китеби 1979-жылы жазылып бүтүп, он жылдан соң гана, 1989-жылы он миң нуска менен жарык көргөн. Романдын 2-китеби 2005-жылы жазылып бүтүп, ошол жылы басмадан чыкмак экен. Бирок айрым обьективдүү жана субьективдүү жагдайларга байланыштуу, 6 жылдан кийин гана же 2011-жылы миң нускада басмадан чыккан.

«Ата Журт» романында 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн алдындагы жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз элинин, өзгөчө, түндүк кыргыздарынын тагдыры, саясий-социалдык жана экономикалык абалы, көчмөн образдагы жашоо-тиричилиги, орустар жана башка улуттар менен мамилеси, кыргыз жергесинде совет бийлигинин орношу, ага каршы чыккан айрым топтордун козголоңу, жаңы түзүлүштү коргоп калууга болгон аракеттер, тагдыры аталган тарыхый доордун контексти менен байланыштуу болгон айрым тарыхый жана тарыхый эмес, көркөм ойдон жаралган каармандардын өмүр-тагдырлары менен иш-аракеттери көркөм сүрөттөлгөн.

Мына ушул жагынан алганда, «Ата Журтту» тарыхый чыгармаларга киргизүүгө болот. Дегинкиси, тарыхый романдын өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн анын роман катары негизин, андан соң тарыхыйлуулугун таануу керектиги адабият теориясы боюнча эмгектерден белгилүү. Мында тарыхыйлуулук дегенибиз – чыгармадагы негизги теманын белгиси. «Ата Журт» романындагы негизги тема – 1916-жылдагы улуттук (элдик)-боштондук көтөрүлүшү. Бул көтөрүлүш – «…кыргыз элинин жер үстүндө жашап калуу, теңдик алуу, азаттык үчүн күрөшүндөгү эң кайгылуу, опурталдуу, бүлгүндүү, трагедиялуу мезгил» экенин адабиятчы-журналист К.Сыдыкова баса белгилейт [10: 3]. Бул – талаш туудурбаган пикир. Анткени бул окуя тарых, саясаттаануу, философия, адабияттаануу сыяктуу коомтаануу илимдеринде кыргыз элинин геноциди катары мүнөздөлүп жүргөнү белгилүү. Улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн келип чыгышын бир эле себепке – орус падышачылыгынын 1-дүйнөлүк согушка кыргыздан аскер (болгондо да кара жумушка) алуу жөнүндөгү буйругуна – байлап коюу туура эмес. Анын чыгышына шарт түзгөн себептер кыйла, алардын маанилүүлөрү – 1916-ж. алдындагы кыргыздардын социалдык теңсиздигинин курчушу, саясий укуксуздугу, экономикалык абалынын өтө төмөндүгү, кош эзүүгө дуушар болгону, эзелтен ээлик кылып келген жер, суу, айдоо, өрүш,

конуш жерлерин келгиндердин басып-тартып алышы, жергиликтүү элдин калыптанып калган жашоо-тиричилиги, чарбасы, уюткусу бүлүнүшү, эр бүлө аргасы жок мобилизацияланышы, улуттун өзү резервацияланып биротоло тукум курут болуп жоголуу коркунучуна кептелиши, акыры Ата-журтунан Кытайга сүрүлүшү. Мына ушул жагдайлар көтөрүлүштүн чыгышына негиз болгон. Тилекке каршы, көтөрүлүш жеңилүүгө дуушар болуп, улуу Үркүнгө шарт түзгөн.

Айрым тарыхый маалыматтардан белгилүү болгондой, мына ушул көтөрүлүш жана үркүн учурунда чейрек миллиондун тегерегинде адам набыт болгон. Кээ бир маалыматтар боюнча, 204 миңге жакын, ал эми айрым маалыматтарда 250 миңден ашуун адам өлүмгө дуушар болгон деген көрсөткүч бар. Түндүк Кыргызстандын эли 41,4%га азайганы айтылып жүрөт. Арийне, бул сандарды шарттуу түрдө гана алуу керек деп ойлойбуз. Анткени көчмөн турмуш образында тиричилик өткөргөн кыргыз элинин ошол мезгилдердеги так эсебин эч ким билбейт, тарыхый-статистикалык маалыматтарда берилген көрсөткүчтөрдүн канчалык так экени белгисиз (анткени алар орус падышачылыгынын өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн), аларды аныктап-тактоо да эч мүмкүн эмес. Экинчи жагынан, орус империясы өзүнүн карателдик-жазалоочу отряддары тарабынан кырылган элдин санын так берүүгө кызыкдар болбогон, демек, ошол учурда берилген статистикалык маалыматтар ишенич туудурбайт. Такталган статистикалык маалыматтар колубузга жетпеген күндө деле, Кыргызстандын бүтүндөй бир чоң региону, аны турак кылган эл, дегеле, бүтүндөй кыргыз эли орду эч качан толбой турган кандуу кыргын, алааматка туш болгонун бүгүн эч ким жокко чыгара албайт.

Тилекке каршы, совет мезгилинде башка бардык элдерди, улуттарды «улуу» орус элине ассимиляциялап, жууруп салуу максатын көздөгөн саясат, идеологиянын жасалма концепция, жалган тезистери менен ураандарынын негизинде орустан башка элдердеги тарыхый улуттук-боштондук, эркиндикке умтулуу аракеттерин «орус элине каршы, улуттук (улутчулдук)-реакциячыл» деп мүнөздөп келишкен. Мисалы, Кавказдагы Шамил башчылык кылган көтөрүлүш, же кыргыздардын кеп болуп жаткан 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү. Мунун натыйжасында, 1916-жылдын окуялары тарыхый-илимий планда болсун, көркөм-адабий планда болсун, реалдуу түрдө чагылдырылбай келген. Ырас, 1916-жыл темасы улуттук профессионал адабиятыбыздын калыптануусунун алгачкы мезгилдеринде эле чагылдырыла баштаганы маалым. Мисалы, К.Баялиновдун «Ажарында», М.Элебаевдин «Узак жолунда», К.Маликовдун «Азаматтарында», Ж. Турусбековдун «Ажал ордунасында», А.Токтомушевдин «Какшаалдан катында» ж.б. үркүн темасы козголгон. Бирок аталган чыгармаларда боштондук күрөшү жана үркүн маселеси советтик идеология менен социалисттик реализм методунун талаптарына ылайык келген алкакта гана берилгени да талашсыз. Ал эми ошол талаптарга шайкеш болбой, аталган тарыхый окуянын бурмаланып-шөкөттөлбөгөн, реалдуу тарыхый жүзүн реалисттик мүнөздө чагылдырып койгон «Кандуу жылдар» романы (1-басылышы) үчүн А. Токомбаев, «Мезгил» романы үчүн К.Акматовдор саясий-идеологиялык айып-сындарга кабылганы да белгилүү.

Албетте, өзүнүн тарыхый масштабы боюнча трилогия-эпопеялык чектеги көркөм сүрөттөө обьектиси жана предмети болууга татыктуу болгон 1916-жыл темасы жогоруда белгиленген обьективдүү жагдайларга байланыштуу, толук кандуу чагылдырылбай келди. Канчалык аракеттер жумшалбасын, бул өксүктү эми толугу менен толтуруу мүмкүн эмес. Анткени андагы окуялардын көбү мезгил бүктөмдөрүндө калып унут болду, ага күбө болгон адамдарды азыр табуу эч мүмкүн эмес. Андай адамдардан уккан нерселер көбү жалган, азы чын болмуш сыяктуу эстен чыгып кетти. Ал эми феодалдык-патриархалдык көчмөн жашоо образы кандуу мезгилдин окуяларын, фактыларын документтештирип кагазга түшүрүп сактап калтырууга мүмкүндүк бербеди (бул жерде орус падышачылыгы

тарабынан түзүлгөн документтер эмес, обьективдүү маалымат бере алган документтер тууралуу айтылып жатат).

1916-жыл маселесинин кыргыз адабиятында толук, масштабдуу түрдө чагылдырылбай келе жаткан кенемтесин толтуруу милдетин алган «Ата Журт» романында ошол трагедиялуу мезгилдин жана окуянын келип чыгуусунун обьективдүү жана субьективдүү тарыхый жагдайлары, көтөрүлүш алдындагы, учурундагы жана андан кийинки, тагыраак, совет өкмөтүн орнотуу мезгилиндеги элдин тагдыры, саясий-социалдык жана экономикалык ал-ахыбалы, жашоо-тиричилик уклады, ошол мезгилдеги тарыхый процесстерге тигил же бул даражада катыштыгы бар адамдардын тагдырлары тууралуу тарыхый, тарыхый-архивдик, биографиялык, ошондой эле фольклордук, оозеки аңыз-санжыралык мүнөздөгү материалдар автордун көркөм ой фантазиясынын туундулары менен кошумчаланып, толукталып, көркөм формада жалпылаштырылып чагылдырылган.

Э.Турсуновдун «Ата Журт» романын генетикалык жактан тарыхый-реалисттик негизге ээ, жанрдык дифференциясы жагынан тарыхый-социалдык романдын талаптарына жооп берген чыгарма катары сыпаттоого болот. Ырас, «Ата Журт» романы боюнча кеңири алкактагы, системалуу адабий-илимий иликтөөлөр жүргүзүлө электигин эске алганда, чыгарманын жанрдык тиешелүүлүгү боюнча маселе да толугу менен аныкталып-такталбагандыгы түшүнүктүү. Бул романдын мазмуну менен таанышып чыккан соң, анын сюжеттик-композициялык мүнөзүнө, тематикалык жана идеялык-проблематикалык өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле каармандар системасынын ачылып берилиш мүнөзүнө жараша, аны тарыхый-социалдык роман катары классификациялоо алгылыктуу деген пикирге келдик. Анткени романда өткөөл учурдагы тарыхый оор абал, элдин социалдык ал-ахыбалы турмуштук факты-деталдар аркылуу терең иликтенип, конкреттештирилип сүрөттөлгөн. Романда кыргыз элинин кеп болуп жаткан мезгил алкагындагы каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары, оюн-шоогу сыяктуу этнографиялык өзгөчөлүктөрү, күндөлүк жашоо-тиричилиги, санжырасы, этикалык принциптери, дүйнөтаанымы, башка элдер менен болгон экономикалык, саясий жана маданий алака-мамилелери мүмкүн болушунча кеңири камтылган. Ошондуктан «Ата-Журтту» кыргыз тарыхый романистикасындагы олуттуу көрүнүштөрдүн бири катары баалоого толук негиз бар деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**


1. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр. Биринчи макала: Кайдан чыктык. //Адабий Ала-Тоо. -2006. -№11.
2. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр. Экинчи макала: Кайда келдик. //Адабий Ала-Тоо. -2006. -№12.
3. Асаналиев К. Эрнис Турсунов: өзү жалгыз. //Кыргыз туусу. -2010. -№80.
4. Асаналиев К. Азыркы кыргыз романы: талдоолор жана ой-жүгүртүүлөр. Китепте: Э.Турсунов Ата Журт. -Бишкек: Бийиктик, 2011. -683-696-бб.
5. Восстание киргизов и казахов в 1916 году. -Бишкек: Учкун, 1991.
6. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века. Том 2. -Бишкек, 2013.
7. Култаева Ү. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү. -Бишкек: Айат, 2007.
8. Өмүрзакова Н., Акматалиев А. Эрнс Турсунов. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7-том. -Бишкек, 2002.
9. Садыков А. Эрнис Турсунов. Китепте: А.Садыков Кыргыз залкарлары. 10-том. –Бишкек, 2013.
10. Сыдыкова К. Атажурт тагдыры. Китепте: Э.Турсунов Ата Журт. -Бишкек: Бийиктик, 2013. -3-12-бб.

11. Турсунов Э. Тарыхый роман эмне үчүн жазылат? //Адабий Алатоо. -2005. -№2.
12. Турсунов Э. Ата Журт. -Бишкек: Бийиктик, 2011.